بسم الله الرّحمن الرّحيم

Бисмиллахир - Рахманир - Рахиймм.

Аллахка мактоолор болсун! Биз Аны данктап, Андан жардам сурап, кунөөлөрүбүздү кечирүүсүн өтүнөбүз. Нафсибиздин жана амалдарыбыздын жамандыгынан Аллахтан коргоо тилейбиз. Кимди Аллах туура жолго баштаса, аны эч ким адаштыра албайт. Ал эми, Аллах кимди адаштырса, аны эч ким туура жолго баштай албайт. Мен эч бир илах жок, жалгыз Аллахтын Өзү бар жана Мухаммад Аллахтын пендеси жана элчиси деп күбөлук беремин!

Андан соң:

Умар Ибн Хаттаб риваят кылган бир улук хадисте Расулуллах саллаллоху алейхи ва саллам Жибрийл периштенин ***"Мага ыйман***

***эмне экенин айт-чы?"*** деген суроосуна: ***"Ыйман - бул сенин Аллахка, периштелерине, китептерине ,элчилерине ,акырет күнүнө жана тагдырдын жакшы - жаманына ишенүүң"*** деп жооп бергени айтылат. *(Сахихи Муслим)*

Адамдын ыйманы пайгамбарларга ыйман келтирмейинче толук болбосу жана пайгамбарларга ыйман келтирүү ыймандын негиздеринен бири экени ушул хадистен улам маалым болот.

Пайгамбарларга ыйман келтирүү дегени эмне? Пайгамбар дегени ким? Алардын өзгөчөлүгү эмнеде? Максаттары эмнелерден турат? Пайгамбарлар нече түргө бөлүнөт? Алардын эн абзели ким?

Урматтуу окурман! Биз ушул жана ушул сыяктуу башка маселелерге колуңуздагы китепчеде

жооп бергенге аракет кылабыз, ин ша Аллах.

Пайгамбарлардын бир бөлүгүнүн зикири *(кабары)* Курaанда айтылган. Буга кошумча биз дагы төмөнкү нерселерди билип алышыбыз керек: Куранда кабары келбеген пайгамбарлардын кабарын пайгамбарбыз Мухаммад саллаллоху алайхи ва салламдын хадистеринен билебиз. Ошондой эле, аттары жана кабар-жоруктары таптакыр эскерилбеген пайгамбарларга да биз ыйман келтиришибиз зарыл. Анткени, Аллах Таала Курaанда:

**"Биз сага** *(эй Мухаммад, Курaанда)* **икая кылып берген пайгамбарлар бар жана икая кылып бербеген пайгамбарлар да бар"** деген *(Ниса :164)*

**Инсаният тарыхындагы бардык пайгамбарлар бир гана максат -**

**адамдарды жалгыз Аллахка ибадат кылууга** *(таухидке)* **чакыруу учун гана жиберилген.**

Пайгамбарлардын кээ бирлери өзүнөн илгерки пайгамбарлардын шариятын бекер кылып, ордуна башка шарият алып келсе, кээ бирөөлөрү мурдагы пайгамбардын шариятын толуктоо үчүн гана жиберилген. Маселен, Ыйса алейхи - салам Муса пайгамбардын шариятындагы кээ бир өкүмдөрдү өзгөртүү үчүн жиберилген. Аллах Таала Ыйса алейхи саламдын кандай милдетти аркалап келгени жөнүндө мындай деген:

**"Өзунөн мурунку Таураттан болгон нерсени тастыктоо жана силерге (Аллах Мусанын шариятында) арам кылган кээ бир нерселерди адал кылып беруу учун"** *(Аалы Имран:50)*

Ошентип, эң акыркы пайгамбар дагы келди. Ал - ушул *(мусулман)* үммөтүнүн пайгамбары Мухаммад саллаллоху алайхи ва салам эле. Аллах Мухаммадтын шариятын эң акыркы шарият болушун каалап, аны "ислам" деп атады жана тээ кыяматка чейин андан башка динди кабыл албастыгын ашкере билдирди:

**"Аллахтын алдында** (кабыл болуучу) **Дин – Исламдыр"**

*(Аалы Имран:19)*

**"Ким исламдан башка динди кааласа, андан кабыл кылынбайт жана ал акыретте зыян тартуучулардан болот"**

*(Аалы Имран: 85)*

Пайгамбарыбыз саллаллоху алейхи ва саллам айтты:

***"Мухаммадтын жаны Анын колунда болгон Затка касам ичип айтамын: ушул эл*** *(дер)* ***ден кайсы***

***бир яхудий жана христиан менин шариятымды угуп туруп, ага ыйман келтирбей өлуп кетсе, тозоку болот!*** *(Сахихи Муслим)*

Биз өткөн бардык пайгамбарларга ыйман келтирип, бардыгын сүйүшүбүз - парыз.

Аллах Таала (мусулмандардын тилинен) айтты:

**"Биз аллахтын элчилеринен эч бирин ажыратып койбойбуз"**

*(Бакара:285)*

Пайгамбарыбыз саллаллоху алейхи ва саллам айтты:

***"Бардык пайгамбарлар ага - ини , бардыгынын дини*** *(нин негизи)* ***бир"***

*(Сахихи Бухарий)*

Пайгамбарлардын арасында башкаларынан абзел болгондору да бар. Аллах Таала айтты**:"Биз бул пайгамбарлардын кээ бирөөлөрүн**

**башка бирөөлөрүнөн артык даражалуу кылдык"** *(Бакара:253)*

Пайгамбарлардын эн абзели акыркы пайгамбар Мухаммад саллаллоху алейхи ва саллам болуп саналат.

Пайгамбарлар эки түргө бөлүнөт:

1) Набий - пайгамбар

2) Расул - пайгамбар

Бул экөө тең кадимки эле Адам урпагынан. Башкалардан айырмасы аларга вахий *(Аллахтан кабар )* келет.

Набий - пайгамбар деп, өзунөн илгерки пайгамбарлардын шариятын жаңылоо, толуктоо үчүн жиберилген пайгамбарларга айтылат. "Набий" дегендин мааниси "кабар алып келуучу". Набий пайгамбарларга атайын, оз алдынча берилген шариятты атайын элдерге жеткируу вазыйпасы милдеттендирилбеген.

Ал эми, Расул - пайгамбар деп, Аллахтан өз алдынча дин - шарият алып, аны элдерге жеткирүүгө милдеттендирилген пайгамбарларга айтылат. «Расулдун» мааниси "элчи".

Мурдагы бардык пайгамбарлар чектелген бир элге, урууга же шаарга гана пайгамбар болсо, биздин пайгамбарыбыз Мухаммад саллаллоху алайхи ва саллам алардан кескин турдо айырмаланып бардык инсаниятка гана эмес, жин ааламына да элчи - пайгамбар болду.

"Сахихи Бухарийде" келген бир хадисте пайгамбарыбыз саллаллоху алайхи ва саллам: ***"Пайгамбар өз коомуна гана таандык кылып жиберилет. А мен болсо, бут инсаниятка жиберилдим"*** - деген.

Бардык Расул пайгамбарларНабий болуп саналат. Бирок, бардык Набийлер Расул боло бербейт.

Набий пайгамбарлардын эң биринчиси Адам -Ата алейхи салам болсо, Расул пайгамбарлардын эң биринчиси Нух алейхи салам болуп саналат.

"Сахихи Бухарий" китебинде Анас Ибн Маликтен Риваят кылынган шапаат *(заступничество)* жөнүндөгү хадисте пайгамбарыбыз саллаллоху алайхи ва саллам кыяматта бардык адамдар шапаат тилеп Адам - Атага келээрин, ал үзүр *(себеп)* айтып:
**"Аллах жиберген эң биринчи Расул - Нухка баргыла" -** дегенин баян кылган.

Тарыхта өткөн бардык элдердин арасында, кайсыдыр бир мезгилде

бир Набий же бир Расул пайгамбар өткөн. Аллах Таала айтты:

**"Бардык эл - үммөт арасында бир Назир** (тозоктон эскертүүчү пайгамбар ) **өткөн"** *(Фатир :24)*

Жогоруда айтканыбыздай, бардык пайгамбарлар кадимкидей эле адамдардан болот. Аларда тап-такыр Улухият *(ибадатка татыктулуук)* жана Рубубият *(жаратуучулук)* сапаттары болбойт. Пайгамбарлар Аллахтын уруксатысыз не бизге, не өздөрүнө жардам бере албайт.

Аллах Таала айтты:

**"Айткын** *(эй Мухаммад):* **"Мен өзумө Аллах каалагандан артык пайда да зыян да жеткире албаймын. Эгер мен кайыпты билчү болсом,** *(өзүмө)* **жакшылыкты көбөйтүп**

**жибермекмин жана мени жамандык кармачу эмес. Мен эч ким эмес, болгону Ыймандуу коомго Назир** *(тозоктон эскертүүчү)* **жана Башир** *(курсантчылык кабар берүүчү)* **мын**
*(Аъраф:188)*

Пайгамбарлар кадимки эле адамдардай оорушат, өлушөт, тамак - ашка муктаж болушат. Аллах Таала Куранда бизге Ибрахим пайгамбардын мындай дегенин икая кылат:

«**Ал** *(Аллах)* **мени жедирет жана ичирет. Оорусам - шыпаа берет. Ал мени өлтүрүп, анан кайра тирилтет"** *(Шуара: 79-81)*

Пайгамбарыбыз Мухаммад саллаллоху алайхи ва саллам айтты:

***"Мен силер сыяктуу эле кишимин. Силер унуткандай эле***

***унутамын. Эгер бир нерсени унутуп койсом, эскертип тургула"***

*(Сахихи Бухари)*

Аллах Таала пайгамбардын башкалар сыяктуу эле пенде (кул) экенин дагы төмөндөгүчө эскерткен:

**"Бүт ааламдарга Назир** *(эскертүүчү)* **болушу үчүн Өз кулуна Фурканды** *(Курaанды)* **түшүргөн Зат ыйык – таберик!"** *(Фуркан:1 )*

## Пайгамбарлардын касиеттери

Пайгамбарлардын дубасы сөзсүз кабыл болот. Бул жөнүндө биздин пайгамбарыбыз:

***"Ар бир пайгамбардын кабыл болоор дубасы бар. А мен болсо, кабыл болуучу*** *(бир)* ***дубамды,***

***кыяматта үммөтүмө шапаат суроо учун сактап койдум"*** - деген.

*(Бухарий)*

Пайгамбарлар эң оор сыноолор менен сыналат. Пайгамбарыбыздан:

***"Кайсы адамдар каттуу сыналат ?" -*** деп сурашканда:

***"Пайгамбарлар. Андан кийин ага окшогондор. кийин дагы ага окшогондор"*** - деп жооп берди.

**Пайгамбарлар - эң сабырдуу адамдар.**

Пайгамбарлардын түшү - акыйкат. Аллах таала (Ибрахимдин тилинен) айтты:

***"Мен сени*** *(эй, Ысмайыл)* ***түшүмдө сойуп жатканымды көрдүм»*** *(Саффат:102)*

Пайгамбарлар убадага эч качан кыянат кылышпайт жана *(мал -*

*дуйнө)* мурас калтырбайт. Мухаммад саллаллоху алайхи ва саллам айтты:

***"Биз мурас калтырбайбыз. Биз эмнени*** *(мурас)* ***калтырган болсок, ал – садака»***

Пайгамбарлардын денелери чирип, топурак болуп калбайт. Мухаммад саллаллоху алайхи ва саллам айтты: ***"Кудуреттүү, Улук Аллах жерге, пайгамбарлардын денелерин "жеп коюууну"арам кылды"*** *(Насаий риваяты)*

**Пайгамбарларга ыйман келтирүү төрт маселени өз ичине алат.**

**Биринчи:** Алар алып келген бардык кабарлар Аллахтан келген чындык. Ким пайгамбарлардан бирөөсүнө гана ишенбесе, бардык

пайгамбарларга ыйман келтирбеген болот. Аллах Таала айтты:

***"Нухтун коому пайгамбарларды жалганчыга чыгарды"*** *(Шуара:105)* Чындыгында, Нухтун коому бир гана Нух пайгамбардын өзун жалганчы дешкен болчу. Бирок, Аллах муну бардык пайгамбарларды жалганчы дегенге теңеди.

**Экинчи:** Куран жана Хадистерде ысымы келген пайгамбарларга атайын, ал эми ысымы келбеген пайгамбарларга жалпысынан ыйман келтиребиз.

**Үчүнчү:** Алардан бизге жетип келген кабарларды сахих *(таза)* болсо гана кабыл кылабыз.

**Төртүнчү:** Бизге жиберилген акыркы пайгамбар Мухаммад саллаллоху алайхи ва салламдын шариятын өкум катары

колдонмоюнча толук момун болбойбуз.

Аллах Таала айтты: ***"Жок,*** *(эй, Мухаммад)* ***Раббиңе касам! Алар*** *(мусулмандар)* ***өз араларындагы жаңжал-талашатарга сени өкумдар кылмайынча жана сен чыгарган өкүмгө көңүлдөрүндө нараазычылык калбай, толук моюн сунмайынча ыймандуу боло алышпайт"*** *(Ниса:65)*

**Пайгамбарларга ыйман келтирүүнүн көп пайдалары бар.**

Алардан:

**Биринчиси:** Аллахтын пенделерине канчалык мээримду экенин билуу. Анткени, Аллах аларды оз алдынча таштап койбой,

элчи - пайгамбарлар жиберип, кантип туура жашоону жана кантип ибадат кылууну үйрөтүп койду. **Экинчиси:** Бул чоң нээматы үчүн Аллаха шукур кылуу. **Үчүнчүсү:** Пайгамбарларды сүйүү, урматоо жана аларга өз даражаларына ылайык салават-саламдарды айтуу.

**Төртүнчүсү:**Алардын жашоосунан үлгү – насаат алуу. Аллах таала айтты: **"Алардын икаяларында акылдуу кишилер үчүн үлгү – насаат бар"** *(Юсуф:111)*

## Курани Каримде зикири келген (эскерилген) пайгамбарлар

### Адам Алейхи Салам

Бул киши бүт инсаниеттын атасы жана набий - пайгамбарлардын

биринчиси. Аны Аллах Таала Өз колу менен жаратуу себептүү улук даражалуу кылып, ага Өз Рухунан үйлоп жан киргизип, ага бардык периштелерди сажда кылдырды:

**" Биз периштелерге : "Адамга сажда кылгыла " - дегенде, сажда кылышты. Бир гана Иблис** *(сажда кылбады. Ал):* **" Мен** *(Сенин)* **ылай абалында жараткан нерсеңе сажда кыламынбы ?!" - деди"** *(Исра:61)*

**Идрис алейхи салам**

Ал Адам алейхи саламдан кийинки Набий - пайгамбар. Инсанийт тарыхында эң биринчи калем менен жазган киши. Исраъ - меъраж жөнүндөгү хадисте пайгамбарыбыз саллаллоху алайхи ва саллам

төртүнчү асманда анын алдынан өткөнүн айткан. Аллах Таала айтты:

"(Эй Мухаммад) **китептеги Идристи эскергин. Ал чынчыл набий - пайгамбар болгон. Биз аны жогорку орунга көтөрдүк"**

*(Марям:56-57)*

**Нух алейхи салам**

Инсаниятка жиберилген эң биринчи элчи - пайгамбар. Ал Аллах Таала "Уулул азм" *(бекемдик ээлери)* деп атаган беш пайгамбарлардын бири. Ал өз элин жалгыз Аллахка сыйынууга 950 жыл даават кылса да ээрчибей коюшту. Анан Аллах бир үлкөн кеме жасап, ага ыймандуу адамдар менен ар түрлүү жаныбарлардан бир жуптан чыгарып алууну буюрду. Буйрук аткарылган

соң, Аллах топон суу жиберип, анын каапыр элин жок кылды. Аллах Таала айтты:

**"Биз Нухту оз коомуна элчи кылып жиберип, "катту азап келишинен илгери коомуңду эскерткин" - дедик"** *(Нух:1)*

## Худ алейхи салам

Аллах аны Емендеги Аад деген урууга элчи - пайгамбар кылып жиберди. Коому аны "жалганчы" дешти. Анан, Аллах аларга каттуу шамал жиберип, жок кылды:

**"(Эй Мухаммад ) көрбөйсүңбү, Раббиң Аад коомун эмне кылганын"** *(Фажр:6)*

**"Аад коомуна өз бурадарлары Худту *(жибердик.)* Ал : "эй коом! Аллахка сыйынгыла! Силерге**

**андан бөлөк илах жок!" - деди"** *(Худ:50)*

## Салих алейхи салам

Аны Аллах Таала Хижаз жана Табук өлкөсүндө жашаган Самуд уруусуна элчи - пайгамбар кылып жиберди. Самуд уруусу да аны жалганчы деп, ыйман келтирүүдөн текеберленип, баш тартышты. Анан Аллах бул элди сынаш учун аларга бир төө жиберип, ага эч жамандык кылбоого буюрду. Самудилер болсо, ал төөнү союп жиберишти. Натыйжада Аллах заалым коомго чагылган жиберип, бардыгын кыйратып салды. Аллах Таала айтты: **«Самуд коому, өз бурадарлары Салих аларга: "мен силерге ишеничтуу элчи -**

**пайгамбармын. Аллахтан корпойсуңарбы?!" дегенде, пайгамбарларды жалганчыга чыгарышты.»** *(Шуара:141-143)*

## Ибрахим алейхи салам

Аллах тааланын досу (Халилуллах), пайгамбарлардын атасы жана "уулул - азм" деп аталган беш пайгамбардын бири. Аллах аны Ирак жериндеги өз коомуна элчи - пайгамбар кылып жиберди. Ал коомун жалгыз Аллахка ибадат кылууга чакырганда, ээрчибей коюшту. Ибрахим жаштыгында мушриктердин буттарын (статуяларын) балта менен талкалап, балтаны эн чоң буттун мойнуна илип коёт. Ачууланган мушриктер аны чоң оттун ичине ыргытат. Бирок,

Аллах отту муздак кылып коёт. Аллах Ибрахимге уулу Ысмайыл экөө Кааба мечитин курууну жана адамдарды хаж кылууга чакырууну буюрат. Ибрахим буйрукту аткарып Раббисине: **"Эй Раббим муну тынч - аман шаар кыла көр! Анын элин (ар турлуу) мөмөлөр менен ырыскылантыр!" –**
деп дуба кылат *( "Бакара":126)*

## Ысмайыл алейхи салам

Ал Ибрахим алейхи саламдын уулу жана биздин пайгамбарыбыз Мухаммад саллаллоху алайхи ва салламдын санжыра башындагы чоң атасы. Макка шаарынын эң абалкы тургундарынан бири. Ал элчи - пайгамбар болгон. Белгилуу Замзам булагы Ысмайыл себептуу "көз

ачкан". Ал атасы Ибрахим менен бирге Кааба мечитин тургузушкан. Аллах Ибрахимге аны курмандык кылууга буйрук кылган *(сыноо учун)*. Бирок, кийин анын ордуна кочкор түшүргөн. Куранда ал жөнүндө: **"Китептеги Ысмайылды эстегин. Ал убадасында чынчыл, набий жана расул болгон"** деген. ***(Марям:54)***

### Исхак алейхи салам

Бул пайгамбар Ибрахим алейхи саламдын Саара деген аялынан. Апасы аны картайган курагында төрөгөн. Аллах ага набий - пайгамбар болууну ыраа көрду. Бану Исраил эли *(жөөттөр)* Исхактын урпактары болуп саналат.

Аллах Таала айтты:

**"Биз аны жакшылардан бири – пайгамбар болуучу Исхак** *(деген перзент)* **менен сүйүнттүк.»** *(Сааффат:112)*

**Яъкуб алейхи салам**

Ал - Яъкуб ибн Исхак ибн Ибрахим. *(Анын дагы бир ысымы "Исраил" болгон. Жөөттөрдүн "Бану Исраил" (Исраил урпагы) деген наамы Яъкубтан алынган.)* Ал өлүмүнөн илгери перзенттерине мындай осуят кылган. Аллах Таала айтты:

**«Ибрахим аны** (жеке кудайга сыйынуучу эл болууну) **балдарына осуят кылды. Жана Яъкуб дагы** (өз балдарына осуят кылып:) **« Эй, балдарым! Аллах силерге ушул** (ислам деген) **динди тандады. Эми,**

**силер** (Аллахтын жеке Өзүнө гана сыйынуучу) **мусулман болмоюнча өлбөгүлө!» деди.»** *(Бакара – 132)*

**Юсуф алайхи салам.**

Ал - Яъкуб пайгамбардын уулу. Агалары ага көралбастык кылып, бир кудуктун түбүнө таштап жиберишет. Бирок, Аллах Таала аны куткарып, чоӊ, урматтуу даражаларга көтөрөт. Ал өтө сулуу болгон. Мисир *(Египет)* падышасынын аялы ага доомат кылганда Аллах анын абийир - намысын сактаган. Аллах аны элчи - пайгамбар кылып, түш жоруу нээматын *(илимин)* берген жана аны ислахчы *(реформатор)* өкүмдар кылган. Аллах Таала айтты:

**"Ошондой эле, Биз Юсуфту** *(Мисир деген)* **жерде бекем**

**орноштуруп, ага түштөрдүн таабирин** (жөрөмөлүн) **үйрөттүк"**

*(Юсуф:21)*

## Лут алейхи салам

Аны Аллах Таала эң ыпылас, бузулган, ашкере бачабаздык *(гомосексуализм*) менен шугулдануучу коомго жиберди. Аллах Таала Лут пайгамбар аркылуу аларды бул ыпыластыктан кайтарып, жалгыз Өзүнө сыйынууга буюрду. Бирок бузулган эл пайгамбарды укпай койду. Натыйжада Аллах Таала аларды башка элдерге улгу - ибарат боло тургандай кылып кыйратты! Алардын шаарларынын урандылары азыркы күндөргө чейин Өлүк Деңиздин жакынында сакталуу. Аллах Таала айтты:

**«Лутту эскергин, ал коомуна: "бузукулук кыласынарбы?! Силерден илгери мындайды ааламдардан** *(инсандардан жана жиндерден)* **эч бирөө жасабаган!!!" деди»** *(Аъраф:80)*

**Шуайб алехи салам**

Аллах Таала аны Мадян элине набий пайгамбар кылды. Мадяндыктардын ишеними бузулуп, мамилеси эң жаман болуп кеткен болчу. Сөзгө чечен болгон Шуайб аларды ширктен, таразадан алдоодон канча кайтарса да болбой, каапыр бойдон калышты. Аллах Таала айтты:

**«Мадянга бурадарлары Шуайбты** *(жибердик.)* **Ал** *(коомуна:)* **"Эй коом! Аллахка гана ибадат**

**кылгыла! Силерге Андан башка илах жок! Таразадан жана тартуудан кемитпегиле!» -** деди» *(Худ:84)*

## Айюб алейхи салам

Ал Өзүнүн сабырдуулугу менен даңазалуу болгон набий - пайгамбар. Андан "Айюбтай сабырдуу" деген накыл калган. Аллах Таала айтты:

**«Жана Айюб Раббисине: "мени зыян** *(ооруу)* **кармады. Сен эң ырайымдуусуң» - деп жалбарды"** *(Анбия:83)*

## Зул - Кифл алейхи салам

Бул киши Бану Исраил пайгамбарларынан. Куранда зикири *(ысымы)* келген:

**"Ысмайылды, Альясаъны, Зул-Кифлди эстегин. Бардыгы жакшылардан болчу"** *(Сад:48)*

### Ильяс алейхи салам

Аллах Таала аны Дамасктын батыш тарабындагы Баалбек журтуна расул - пайгамбар кылып жиберди:

**"Албетте, Ильяс расулдардан бири"** *(Саффат:123)*

### Альясаъ алейхи салам

Аллах Таала аны Ильяс пайгамбардын артынан Баалбек журтуна жиберген:

**"Ысмайыл, Альясаъ, Юнус жана Лут ... Бардыгын ааламдардан артык кылдык"** *(Анъам"86)*

## **Юнус** (Зуннун) **алейхи салам**

Аллах Таала Юнусту сынады: аны кит жутуп жиберип, көп күндөр курсагында калып кетти. Бирок, ошол караңгы курсакта жатса да, Аллахка тасбех айтып, даңктап, Андан кечирим сурап, чарчабады. Ал сыноодон жакшы өтуп, Аллахтын кечиримине татыды. Аллах аны да Расул - пайгамбар (элчи) кылып жиберген. Бирок,коому ыйман келтирбей койду. Анан Юнус аларга: "Эгер ыйман келтирбесенер башынарга Аллахтан азабы тушөт" дегенде гана ыйман келтиришти. Куранда:

**"Юнус - расулдардын бири"** деп айтылган *(Саффат:139)*

**Муса алейхи салам**

Муса Аллах менен сүйлөшкөн (Калимуллах) пайгамбар. Мужизасы - асатаяк эле. Ал "Уулул-азм" деп аталган пайгамбарлардын биринчиси. Аллах аны Бану Исраил элине жиберген. Ал бөбөк кезинде апасы аны Фараондун өлтүрүп коюуусунан коркуп, денизге таштаган. Муса ыйык Тува өрөөнүндө Аллах Таала менен сүйлөшкөн. Аллахтан Тоорат китебин кабыл алып, Анын шариятын Бану Исраилди кул кылып алган Фараонго жеткирген. Фараон каапырчылыкта чектен чыгып, адамдарга: "силердин раббинер - мен" дегенге чейин барган. Аллах Таала аны денизге чөктүрүп өлтүргөн. Мусанын коому (еврейлер) өздөрүнчө дин ойлоп таап, алтын

тагынчак - зыйнаттарды эритип, музоонун сөлөкөтүн жасап, ошого сыйынган. Аллах аларды кырк жыл чөлдө адашып жүрүү жазасы менен жазалаган. Аллах Таала айтты:

**"Биз Мусаны Өз аят – белгилерибиз жана анык далил менен жибердик"** *(Гаафыр: 23 )*

## Харун алейхи салам

Бул киши Мусанын бир тууганы. Аллах аны набий - пайгамбар жана Мусага жардамчы кылды.

Аллах таала айткан:

**"Жана Биз ага** *(Мусага)* **Өз нээматыбыздан бир тууганы Хаарунду набий кылып бердик"**

*(Марям: 52)*

## Дауд алейхи салам

Аллах аны Бану Исраилге расул - пайгамбар кылды. Анын көркөм добушу бар эле. Күн аралатып орозо кармачу. Падыша - пайгамбар болсо да кол эмгеги менен тиричилик өткөргөн. Аллах ага (Өз пазилети менен) темирди жумшак кылып берген, Забур китебин түшүргөн жана хикмат (даанышмандык) берген. Аллах Таала айтты:

**"Биз Даудка Забурду бердик"** *(Ниса: 163)*

## Сулайман алейхи салам

Ал Даудтун уулу. Аллах аны да расул - пайгамбар кылып, хикмат – даанышмандыкты берген, куштардын тилин үйрөткөн, шамалды, жиндерди ага

моюнсундурган. Бул жөнүндө Курaанда мындай айтыдат:

**"Сулайманга жиндер, инсандар жана куштардан куралган лашкерлери чогулуп, тизилип турушту"** *(Намл:12)*

## Закария алейхи салам

Закария Аллахтын набий – пайгамбары. Жыгач устачылык менен тиричилик өткөргөн. Ал белгилуу Марямды өз келпилдигине алган болчу. Картайган мезгилге чейин перзент көрбөгөн. Кемпири туубас болчу. Анан Аллах Ал Даудтун уулу. Аллах Тааладан перзент сурап дуба кылат. Аллах Таала ага бир уул перзент беришин, анын аты Яхья болушун билдирет. Закария кемпиринин боюна

бүткөнүнө бир белги билдиришин сураганда, Аллах Таала:

**«Сенин белгиң: соп-соо болуп туруп үч тун** *(, үч кун )* **адамдарга сүйлөй албай калышың»** дейт. *(Марям:10)*

**Яхья алайхи салам.**

Ал Закариянын уулу. Апасы аны кемпир болуп калганда төрөгөн. Аны өзүнүн элдери (Бану Исраил) мууздап өлтүрүшкөн. Яхья Куранда төмөндөгүчө эскерилген:

*"(Периштелер Закарияга):* **"Аллах сени, Аллахтын сөзун тастыктоочу, сейит - кожоюн, жамандыктан өзун тосуучу жана салих пайгамбарлардан бири болуучу** *(перзент)* **Яхья менен сүйүнтөт" дешти"** *(Аалы Имран:39)*

## Ыйса алейхи салам

Бул кишинин толук ысымы Ыйса ибн Марям. Ал Аллахтын пендеси, Расул – пайгамбары, Марям - кыздын жатынына таштаган *("Бол!" деген)* Сөзу жана Аллахтын Руху. Ошондой эле, ал "Уулул-азм" болгон пайгамбарлардын бири. Аллах Таала ага Инжил китебин берген. Яхудийлер айткандай «Ыйса айкашкан жыгачка асылган жана өлтүрүлгөн" эмес. Аллах Ыйсаны тируу бойдон Өзуно *(асманга)* көтөрүп алган. Ыйса өзүнүн пайгамбарлыгына ишенбеген элдерге сакоону сүйлөтүү, сокур көздөрдү ачуу, өлүктү тирилтүү сыяктуу муъжизаларды *(Аллахтын уруксат жана кудурети менен)* көргөзгөн. Аллах Таала айтты:

**«Алардын** *(Яхудийлердин)* **: "Биз Марямдын уулу, Аллахтын элчиси Ыйса - Масихты өлтүрдүк"** **дегендерди** *(жалган).* **Алар Ыйсаны өлтүрүшкөн да эмес, асышкан да эмес. Бирок, аларга** *(башка бир адам Ыйсага)* **окшотулду...»**

**"...А балким, Аллах аны Өзүнө** *(тирүү бойдон)* **көтөрүп алды. Аллах Кудуретүү, Даанышман"**

*(Ниса: 157-158)*

**Мухаммад алейхи салам**

Ал бардык расул, набий пайгамбарлардын эң акыркысы. Аллах таала аны кыяматка чейинки бардык инсаният жана бардык жин ааламына элчи кылып жиберди. Анын эң чоң муъжизасы - бул кыяматка чейин акыл эстерди алсыз

калтыра турган Ыйык Куран китеби. Ал Уммий *(энеден туулган бойдон кат - сабат окубаган)* пайгамбар. Ага бардык илимди Аллах Тала үйрөткөн. Аллах Тала ага Бейиште Каусар булагын берет. Анын уммөтү бул дүйнө үммөттөрүнүн эң акыркысы бирок, кыяматта *(тиги дүйнөдө)* эң биринчи болуп кайра тирилишет. Мухаммад саллаллоху алайхи ва саллам болсо, эн биринчи болуп мүрзөдөн бой көтөрөт. Ал кыяматта улук шапааттын ээси болот. Аллах Таала айтты: **«Мухаммад эркектериңер арасынан эч кимдин атасы болбоду. Бирок, ал Аллахтын элчиси жана пайгамбарлардын акыркысы"** *(Ахзаб: 40)*

Аллах Таала Мухаммадка, анын үй – бүлөсүнө, сахаабаларына жана

кыяматка чейин аларга түз, туура ээрчиген бардык адамдарга Өз ырайым-боорукерлигин көргөзүп, кыяматта бардыгыбызга анын шапаатын насип кылсын! Амийн!

Аягы